**Жогорку Кеңеште «Доорду өзгөрткөн аял лидерлиги»**

**аттуу иш чаранын алкагында**

**"АпаСиз Жалгыз эмессиз"**

**тобунун кайрылуусу**

**01 март 2024 ж.**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы**

**Шакиев Нурланбек Тургунбековичке**

Урматтуу Нурланбек Тургунбекович,

Биз "Эне сен жалгыз эмессин" кыймылынын өкүлдөрүнүн атынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Жогорку Кеңештин Төрагасынын алдында уюшулган Аялдар, балдар укуктары жана гендердик теңчилик боюнча Кеңешке өтүп жаткан диалогду уюштургандыгыңар үчүн терең ыраазычылык билдиребиз жана аны жыл сайын, ал эми кызматташуубуз туруктуу болуусун сунуштайбыз.

Диалогдун жыйынтыгы боюнча тиешелүү комитеттерге биздин маселени мыйзамдык бекитүүнү талап кылган төмөнкү сунуштарыбызды карап чыгууга тапшырма берүүнүздү суранабыз:

- Баланын кызыкчылыгын коргоо учун томонку механизмди орнотуу- мамлекеттик система соттун чечими менен балага тиешелуу алимент толонсун деп чечим кылганы сон, балага алименттин толоосун камсыз кылыш керек. Уч айдын ичинде балага алимент толонбосо ата-энеси тарабынан мамлекеттик

система толоп турушун, ал эми алимент боюнча карызкөй мамлекеттик системага кайтарып беруусун сунуштайбыз.

- Коңшу мамлекеттердин, атап айтканда Россия менен Өзбекстандын, акыркы жылдардагы ушул сыяктуу практикасын эффективдүү колдонуп жаткан тажрыйбасы менен таанышууга жана изилдөөгө чакырабыз.

- Бул механизмдин иштоосун мыйзамдарга толуктоолорду жана нормативдик-укуктук актыларды иштеп чыгуусун сунуштайбыз.

Биз сунуштаган механизмди жана НПАларды иштеп чыгууда жана түзөтүүлөрдү киргизүүдө жумушчу топко кирүүгө жана иштөөгө даярбыз.

**"Эне сен жалгыз эмессин" топтун атынан кол койгондор:**

**Джанболотова Ак Моор**

**Жолдошалиева Дамира**

**Жанболотова Кыял**

**Нурбекова Бермет**

**Рысбекова Алина**

**#АпаСиз Жалгыз эмессиз кыймылы тел: 0773780888**

1 март, 2024 жыл.

## Информационная справка

10 жыл ичинде 32 кайрымдуулук акциясын, 100дөн ашык өзүн-өзү өнүктүрүү тренингдерин өткөрүп, бүгүнкү күнгө чейин аялдардын менталдык ден соолгун жакшыртууга жардам берип келет.

Ак Мөөр - эне, сен жалгыз эмессиң" кыймылы

Коомдук фонддун негизги багыттары:

- аялдардын психикалык саламаттыгын жакшыртуу боюнча тренингдерди өткөрүү;
- билим берүү жана социалдык жоопкерчилик долбоорлорун ишке ашыруу аркылуу адилеттүү жана колдоочу коомду түзүүгө умтулуу;
- моралдык-маалыматтык жактан колдоо көрсөтүү;
- өз потенциалын өнүктүрүү үчүн багыт алуу;
- үй-бүлөнүн баалуулуктарын сактоо

Ошондой эле, 2019-жылы өткөрүлгөн "Алимент-бул балдардын акчасы" конференциясына бардык мамлекеттик түзүмдөр катышып, аталган кыймыл менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын колдоосу менен алимент боюнча мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилген.

Ошондой эле, 2020-жылы “Кызыл Крест” эл аралык уюму менен биргеликте короновирус учурунда 3000ден ашуун балага гуманитардык жардам көрсөтүлгөн жана балдарды колдоо боюнча мыйзамдарды жакшыртууга салым кошушкан жана 3 жыл ичинде жаңы жыл, 8-март, Нооруз, Курман айт, Орозо айт, балдарды коргоо күнү сыяктуу майрамдарга карата 18ден ашуун гуманитардык иш-чара өткөрүшкөн.

5 миңден ашык аялга психологиялык жана юридикалык колдоо көрсөтүп, психикалык саламаттыгын жакшыртышкан. Ошону менен бирге, Өлкөнүн коомдук иштерине дайыма активдүү катышышат.